**«БЕКИТЕМИН»**

**Кара-Суу шаарындагы**

**№66 В.И.Ленин атындагы орто мектебинин директору**

**Калбаева Б.У.________________**

«22»_____май_______2024

# ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮ ЖАЙЫЛТЫШЫ ТУУРАЛУУ АКТ

**1. Ишке ашыруунун автору**: Батиров Азизбек Рузибаевич.

2. **Илимий иштин аталышы**: “Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары”.

**3. Аннотация.** "Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары" темасына арналган бул изилдөө мектеп курагындагы балдарды патриоттукка тарбиялоо жараянындагы элдик чыгармалардын ролун жана маанисин изилдейт. Фольклордук чыгармалар балдардын улуттук аң-сезимин өстүрүүгө, тарыхый мурасты урматтоого жана мекенге болгон сүйүүсүн калыптандырууга өбөлгө түзгөн маанилүү курал катары каралат. Илимий иште патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары, методдору жана куралдары, ошондой эле фольклордук чыгармаларды окутуу процессине киргизүүнүн натыйжалуулугун камсыз кылуучу окутуунун теориялык жана практикалык аспектилери изилденет.

**4. Ишке ашыруу орду жана убактысы:** Сурамжылоого V-VI класстардан 65 окуучу катышты.

– **Максаты:** окуучулардын фольклордук чыгармалардагы патриоттук идеяларды кабыл алуусу боюнча иштелип чыккан моделдин оптималдуулугун текшерүү; фольклордук чыгармалардын негизинде окуучуларды патриоттук тарбиялоонун заманбап жолдорун, ыкмаларын, каражаттарын иштеп чыгуу;

иштелип чыккан жыйынтыктарды илимий жактан негиздөө; калыптандыруучу эксперименттин жыйынтыгы менен алынган деңгээлдерди аныктоо жана аларды илимий жактан мүнөздөө.

**Формасы:** тема боюнча эксперименттин натыйжалуулугун баалоо жана окуучулардын патриоттук аң-сезиминин калыптанышына тийгизген таасирин аныктоо үчүн төмөнкү формалар колдонулду:

1. Сабактар жана адистештирилген иш-чаралар: Фольклордук чыгармаларды колдонуу менен атайын сабактар, адабий жана тарыхый викториналар, талкуулар, эссе жазуу жана чыгармачылык иш-чаралар аркылуу патриоттуулукка тарбиялоо.

2. Окуу-тарбиялык аянтчалар: Мектептеги фольклордук клубдар же үйрөнүү аянтчалары окуучуларды улуттук каада-салттарга, баалуулуктарга жана каармандарга жакындатуу максатында уюштурулат. Бул жерде окуучулар өз алдынча изилдеп, презентацияларды жасашат.

3. Интерактивдүү ыкмалар: Ролдук оюндар, инсценировка (фольклордук чыгармаларды театрлаштыруу), жашоо-турмуш шарттарын реконструкциялоо аркылуу окуучуларды жигердүү катыштырууга багытталган иш-чаралар.

**Натыйжасы:** Эксперименттин жыйынтыгы төмөнкүдөй негизги натыйжаларды көрсөттү: патриоттук аң-сезимдин жогорулашы: Фольклордук чыгармаларды колдонуу аркылуу окутулган окуучуларда мекенге болгон сүйүү, улуттук баалуулуктарды түшүнүү жана тарыхый мураска урмат менен мамиле жасоо жогорулаган; Окуучулардын кызыгуусу жана активдүүлүгү: Интерактивдүү ыкмалар, фольклордук чыгармаларды инсценировкалоо жана талкуулар окуучуларды окуу процессине жигердүү катыштырууга түрткү берген. Алар улуттук каармандардын жашоо-таржымалына жана алардын ишмердүүлүгүнө кызыгып, көбүрөөк маалымат алууга умтулушкан; Чыгармачылык ой жүгүртүүнүн өнүгүшү: Сабактарда жана иш-чараларда фольклордук чыгармаларга таянуу окуучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзгөн, бул аларга эссе жазууда жана презентация даярдоодо байкалган.

Жыйынтыгында, эксперимент патриоттук тарбиялоонун натыйжалуу педагогикалык формаларын аныктап, фольклордук чыгармалардын билим берүү процессиндеги потенциалын тастыктады.

**Жыйынтыктоо.** Мындан ары төмөнкү иштерди жүргүзсө болот:

1. Программа иштеп чыгуу жана кеңейтүү: Фольклордук чыгармаларды патриоттук тарбиялоонун системалуу бөлүгү катары интеграциялоочу атайын окуу программаларын жана методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу. Бул программаны бардык класстарга киргизүү менен окуучулардын бардык курактык топторуна ылайыкташтыруу.

2. Педагогдорду окутуу: Мугалимдер үчүн атайын семинарлар жана тренингдер уюштуруу, аларга фольклордук чыгармаларды окуу процессине натыйжалуу киргизүү жана патриоттук тарбиялоонун методдору менен иштөө боюнча даярдоо.

3. Окуучулар менен коомчулуктагы иш-чараларды уюштуруу: Фольклорго жана улуттук баалуулуктарга арналган мектеп фестивалдарын, конкурстарды, театрлаштырылган көргөзмөлөрдү уюштуруу. Бул иш-чаралар мектеп чегинен чыгып, ата-энелер жана коомчулук менен биргелешкен иш-аракеттерди камтыйт.

Мындай иштер окуучулардын патриоттук тарбиясын тереңдетип, улуттук маданиятты сактоо жана жайылтуу процессин күчөтөт.

**Кара-Суу шаарындагы №66 мектептин тарбия иштери боюнча директордун орун басары: ______________________________Гапарова Г.С.**

**Педагогика кафедрасынын методикалык кеңешинин башчысы, п.и.к., доцент ___________________Пак С.Н.**

**Кыргыз тили жана адабияты мугалими: _____________Таджибай кызы Г.**

**Изденүүчү: ________________ Батиров А.Р.**

Акт түзүлгөн датасы: 22-май, 2024-ж.